УДК 634.0.1.18.0.2.228

# КЫРГЫЗСТАНДЫН НАРЫН ОБЛАСТЫНДАГЫ «САЛКЫН-ТӨР» МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНДА (МЖП) СЕЙРЕК КЕЗДЕШҮҮЧҮ ӨСҮМДҮКТӨРДҮН ТҮРЛӨРҮН ӨСТҮРҮҮ ТАЖРЫЙБАСЫ

*А.С. Кулиев[1], Б.Т. Акматакунова[1], Н.К. Уметалиева[1], С.К Асанов[1],*

*Э.А. Нуркасымова[1], Р. А. Токталиев[2], Н.А. Курманкожоев[2], У.Н. Исмаилов[2]*

*1-КРСУИА Биология институтунун П.А.Ган атындагы токой изилдөө илимий өндүрүштүк борбору. Бишкек*

*2- Кыргыз Республикасынын Нарын областындагы «Салкын-Төр» мамлекеттик жаратылыш паркы*

# ОПЫТ ВЫРАЩИВАНИЯ РЕДКИХ ВИДОВ РАСТЕНИЙ В ГОСУДАРСТВЕННОМ ПРИРОДНОМ ПАРКЕ (ГПП) «САЛКЫН-ТОР» НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ КЫРГЫЗСТАНА

*А.С. Кулиев[1], Б.Т. Акматакунова[1], Н.К. Уметалиева[1], С.К. Асанов[1],*

*Э.А.. Нуркасымова[1], Р.А. Токталиев[2], Н.А. Курманкожоев[2], У.Н. Исмаилов[2]*

*1-Научно-производственный центр исследования лесов им. П. А. Гана Института биологии НАН КР, Бишкек .*

*2-Государственный природный парк «Салкын-Тор», Нарынская область, Кыргызская Республика.*

# EXPERIENSE OF GROWING RARE PLANT SPECIES OF THE STATE NATURAL PARK (SNP) "SALKYN-TOR" OF NARYN REGION" KYRGYZSTAN

*A.S.Kuliyev[1], B.T.Akmatakunova[1], N.K.Umetalieva[1], S.K.Asanov[1], E.A Nurkasymova[1], R.A.Toktaliev[2], N. A. Kurmankozhoev[2], U.N. Ismailov[2]*

*1-Scientific and production Center for Forest Research P.A.Gan Institute of Biology NAS KR, Bishkek, Kyrgyzstan*

*2-State natural park "Salkyn- Tor" of Naryn region Kyrgyzstan*

**Аннотация.** Макалада Нарын облусунун бийик тоолуу табигый – климаттык шарттарында токой түрлөрүнүн көчөттөрүн, үрөндөрүн райондоштуруу жана өстүрүү иштеринин биологиялык өзгөчөлүктөрү берилген.

**Негизги сөздөр:** популяция, түр, сактоо, отургузуу, себүү.

**Аннотация.** В статье приводятся биологические особенности работы районирования и выращивания сеянцами, семенами из разных видов лесных пород в высокогорных природно-климатических условиях Нарынской области.

**Ключевые слова:** Популяция, виды, сохранение, посадка, посев.

**Abstract.** The article presents the biological features of the work of zoning and cultivation of seedlings, seeds from different types of forest species in high-altitude natural and climatic conditions of the Naryn region.

**Keywords:** Population, species, conservation, planting, sowing.

Кыргызстан – табигый жана маданий өсүмдүктөрдүн өсүшүнүн көрүнүктүү борборлорунун бири. Бул жерде таксономиялык байлыгы бар жогорку түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн 4000ден ашуун түрү жана эндемиктердин жогорку даражасы белгиленген.

Республиканын өсүмдүк ресурстарын, өзгөчө калк пайдаланган жапайы түрлөрүн ыңгайлаштырылуусу экономикалык зор потенциалга ээ. КР УИА БИ токой изилдөө илимий өндүрүштүк борборунун биринчи кезектеги милдети болуп сейрек кездешүүчү эндемиктер жана жоголуп

бара жаткан өсүмдүктөрдүн түрлөрүн ошондой эле эң баалуу дары –дармек жана декоративдүү өсүмдүктөрү эсептелет. Жапайы өсүмдүктөрдүн жана алардын жашаган чөйрөлөрүнүн жок болуп кетүү коркунучу дүйнө жүзү боюнча тездик менен өсүп жатат. Сейрек кездешүүчү түрлөрдүн популяциясы төмөнкүдөй негизги этаптарды камтышы керек:1) алдын - ала изилдөө толук маалыматты чогултуу; 2) талаа изилдөөлөрүн жүргүзүү – сакталып калган табигый популяциялардын түзүлүшүн жана экологиясын изилдөө;3) маданий шарттарда материалдарды көбөйтүү; 4) жасалма популяция үчүн жашоо чөйрөсүн тандоо жана популяцияларга мониторинг жүргүзүү. Бардык этаптардагы негизги талаптар аткарылган иштерди катуу документештирүү жана материалдын генетикалык репрезентативдүүлүгүн камсыз кылуу болуп саналат.Табигый шартта көчөт материалдарын отургузууну чектөөгө болбойт.

Приоритеттүү объекттер болуп Кыргыз Республикасынын Кызыл китебинин 1-2 категориясындагы түрлөрү болушу керек. Өсүмдүктүн сейрек кездешүүчү түрлөрү табигый популяцияга келтирилген зыянды азайтуу эрежелерин сактоо менен жүргүзүлүүгө тийиш.

Бул иштин максаты – бул багытта методикалык жардам көрсөтүү болуп саналат. Муну менен катар табигый флораны жана өсүмдүктөрдү калыбына келтирүү жаатындагы изилдөөлөрдүн, тажрыйбалардын,практикалык иштеп чыгуулардын жана ноу- хаулардын натыйжалары адистердин мүмкүн болушунча кеңири чөйрөсүнө жеткиликтүү болушу маанилүү. Мамлекеттик жаратылыш парктары өзгөчө экологиялык тарыхый – маданий жана эстетикалык баалуулукка ээ болгон жаратылыш комплекстерин сактоо үчүн түзүлөт, жаратылышты коргоо рекреациялык,тарбиялык иштерди илимий максаттарда пайдаланууга арналган. Мамлекеттик жаратылыш парктарына төмөнкүдөй негизги милдеттер жүктөлөт:

- эталондук жана уникалдуу жаратылыш комплекстерин жана жаратылыш объекттерин сактоо.

- маданий жана табигый мурастарды (археологиялык,тарыхый, этнографиялык ж.б. объектилерди), ошондой эле кызыктуу ландшафттарды сактоо.

- экологиялык тарбиялоо жана жаратылыш шарттарында коомдук эс алууну уюштуруу.

Мамлекеттик жаратылыш парктарын уюштуруу үчүн бөлүнгөн жер жана суу участоктору (акваториялар) алардын чегинде жайгашкан бардык жаратылыш ресурстары жана объекттери менен аталган парктарга туруктуу пайдаланууга берилет. «Салкын-Төр» мамлекеттик жаратылыш паркы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 25-майындагы №249 токтомуна ылайык төмөнкү максаттарда уюштурулган:

-ички Тянь-Шандын типтүү уникалдуу жаратылыш комплексинин табигый абалында сакталышы.

-бийик тоолуу карагайлуу токойлор,шалбаалар, мөңгүлөр сыяктуу бардык биологиялык жана ландшафттык ар түрдүүлүктү коргоо, табигый шарттарда табигый процесстердин жүрүшүн изилдөө жана көзөмөлдөө.

- жаратылыш иштерин коргоону жана сарамжалдуу пайдаланууну жакшыртуу боюнча илимий жактан негизделген сунуштарды даярдоо.

-айлана-чөйрөнү коргоо тармагында илимий кадрларды жана адистерди даярдоого көмөк көрсөтүү.

-жалпы экологиялык абалды жакшыртуу, жаратылыштын кайталангыс бурчтарын сактоо.

-экологиялык билимдерди жайылтуу жана жаратылышка аяр мамиле кылууга тарбиялоо.

“Салкын- Төр” МЖП Орто Нарын өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө, Нарын облусунун аймагында жайгашкан.

Территориясынын узундугу түндүктөн түштүккө 15 км, чыгыштан батышка 30 км. МЖПнын жалпы аймагы 10,4 миң га, анын ичинде токойлуу аянт-2,1 миң га, токой плантациялары 104,9 га. Жалпы токойлуу жерлер 3283,7 га, токой эмес жерлер 7135,3 га.

Токойлор текши эмес жайгашкан, негизинен өзүнчө тилкелерде топтолгон капчыгайлардын капталдарын бойлой ар кандай көлөмдө чачыранды тоолордун түндүк капталдары эң токойлуу. Тоо этектерине мүнөздүү чөл ландшафттары рельефтин бийиктигине жараша өзгөрүп турат: талаа,шалбаа, токой комплекстери, субальпы жана альпы шалбаасы.

**Таблица. "Салкын-Төр"МЖПдагы дарактардын жана бадалдардын түр курамы**

| № | Аталышы | Өзгөчө белгилер |
|---|---|---|
| 11 | Карагайлар уруусу. Семейство Сосновые. Pinaceae<br>Тянь-Шань карагай түрү. Вид: ель Тянь-шаньская. Picea Shrenkiana. | |
| 22 | Кызыл карагай түрү. Вид сосна обыкновенная. Pinus Silvestris. | Культура |
| 33 | Түр Сибирь лиственницасы. Вид лиственница сибирская. Lárix sibírica. | Культура |
| 44 | Кипаристер уруусу. Семейство кипарисовые. Cupreassaceae<br>Түркстан арчасы. Можжевельник Туркестанская. Juniperus Turkestanica. | |
| 55 | Роза гүлдүүлөр уруусу. Семейство розоцветные. Rosaceae<br>Тянь–Шань четин түрү. Вид рябина тянь-шаньская. Sorbus Tianshanica. | |
| 66 | Альберт ит мурун түрү. Вид шиповник Альберта. Rosa alberti Regel. | |
| 77 | Кара мөмөлүү ыргай түрү. Кизильник черноплодный. Cotoneaster melanocarpus. | |
| 88 | Уруусу Семейство крыжовниковые. Grossulariaceae<br>Мейер карагат түрү. Вид смородина Мейера. Ribes Meerii. | |
| 99 | Кара карагат түрү. Смородина черная. Ribesnigra. | |
| 100 | Бөрү карагат уруусу. Семейство барбарисовые. Berberis<br>Түркүн түптүү бөрү карагат түрү. Барбарис разноножковый - Berberis sphaero capra. | |
| 111 | Жийде уруусу. Семейство лоховые. Eleagnaceae Lindi<br>Крушина чычырканак түрү. Вид облепиха крушиновидная. Hippophaer hamnoides. | |
| 112 | Шилбилердин уруусу. Семейство жимолостные. Loniceraeae<br>Альтманн шилби түрү. Вид жимолость Альтмана. Loniceraeae. altmannii. | |
| 113 | Майда жалбырактуу шилби. Жимолость мелколистная. Loniceraeae microphylla | |
| 114 | Ичке гүлдүү шилби. Жимолость узкоцветковая. Lonicerae aestenantha | |
| 115 | Талдар уруусу. Семейство ивовые. Salicaceae<br>Ала-Тоо талы. Ива алатавская. Salix alatavica, | |
| 116 | Теректер тукуму. Род тополь. Populus<br>Лавр жабырактуу терек түрү. Вид тополь лавролистный. Populus laurifolia | |
| 117 | Чанактуулар уруусу. Семейство бобовые. Leguminosae<br>Жалдай алтыгана түрү. Вид карагана гривастая. Caragana jubata. | |
| 118 | Көп жалбырактуу алтыгана. Карагана многолистная. Caragana pleiophylla. | |

2018-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология институтунун токой изилдөө илимий – өндүрүштүк борборунун илимий кызматкерлери (КРУИА БИТИ ИӨБ), Кыргызстандын Кызыл китебине кирген өсүмдүктөрдүн Коржинский алмурутунун, Сиверса алмасынын, Недзвецкий алма дарагынын үрөнү даярдалган.

Уруктар Кыргызстандын түштүгүндөгү жаңгак токойлорунун Жалал- Абад областынын Ак- Терек аянтчасынын Каба токой чарбасынан алынып келген.

2019-жылдын 26-29-мартында жаз айларында бир айлык стратификациядан кийин Бишкек шаарындагы Дендропарктын аймагында 700 даана, Арашан демонстрациялык участогуна 700 даана, Чүй областынын Москва районунун Сары-Булак опорный пунктуна 155 даана урук себилген.Салыштыруу үчүн себилген үрөндөр деңиз деңгээлинен ар кандай бийиктикте болгон. Ошентип Бишкек шаарында КР УИА БИ ТИ ИӨБнүн дендропаркынын аймагында сейрек кездешүүчү өсүмдүктөрдүн кичи питомниги түзүлдү.

Нарын облусунун «Салкын-Төр» мамлекеттик ишканасы менен токой изилдөө илиимий-өндүрүштүк борборунун ортосунда келишимге ылайык, бул жаатта өз ара илимий кызматташуу болуп, 2021-2022-жылдын жаз айларында «Салкын-Төр» мамлекеттик ишканасынын жаңыдан

түзүлгөн питомнигине кичи питомникте өстүрүлгөн ар кандай курактагы көчөттөр Недзвецкий алмасы, Коржинский алмуруту жана ийне жалбырактуу Семенов ак карагайы отургузулду.

Реинтродукцияланган популяцияларды түзүүдөгү маанилүү маселе болуп жашоого жөндөмдүү популяцияны түзүү үчүн зарыл болгон өсүмдүктөрдүн минималдуу саны саналат. Бул дагы эле биологдор арасында талкуунун предмети болуп саналат. Бул популяциянын кыска мөөнөттүү жашоону камсыз кылуу үчүн натыйжалуу саны жок эле дегенде 50 өсүмдүк болушу керек деп эсептешет.

Популяциянын узак мөөнөттүү жашоосун жана адаптациянын үзгүлтүксүз өнүгүшүн 500 дөй индивид камсыздай алат.

Иш жүзүндө жетиштүү ресурстар менен мүмкүн болушунча көп өсүмдүктөрдү өстүрүү жакшы. Эгерде репродукциянын бир жылында жетиштүү сандагы өсүмдүктөрдү алуу мүмкүн болбосо, бир нече жыл бою өсүмдүктөрдү кошумча отургузуу керек. Табигый шартта Нарын жергесинде өсүмдүктөрдү отургузуудан мурун контейнерлерде өстүрүлгөн көчөттөрдү колдонгонбуз, анткени алар жакшыраак чыдайт жана тамыр алат.

Экспортко чыгаруунун алдында өсүмдүктөрдү зыянкечтерден жана илдеттерден эксперименттик участогуна киргизүүнү болтурбоо үчүн өсүмдүктөрдү коргоо боюнча адис текшерүүдөн өткөрөт.Отургузулгандан кийин керектүү агротехникалык иш - чаралар (сугаруу, малалоо, бийик өсүмдүктөрдү байлоо ж.б.)аткарылды.

Отургузулган өсүмдүктөрдүн келечекте алардын ар биринин өсүшүнө көз салуу үчүн көбөйүү стадиясында ага берилген номер менен маркировкаланды.

Өсүмдүктүн өзүнө байланган, жанына көмүлгөн же анын жанына кадалган казыкка коюлган металл этикеткаларды колдонгон жакшы. Ар бир өсүмдүктү отургузуу датасы жана орду жөнүндө маалымат журналга жазылып, участоктун карта-схемасына жайгаштырылат. Өсүмдүктөрдү жалгыздан жана участоктогу өсүмдүктөрдү жалпы сүрөткө тартабыз. Мүмкүн болсо өсүмдүктөргө кам көрүү биринчи вегетация мезгилинде үзгүлтүксүз жүргүзүлөт.



*Сүрөт. Семеновпихтасынын көчөттөрүн отургузуу*

Вегетациялык мезгилде өсүмдүктөрдү байкоо жана багуу «Салкын-Төр» мамлекеттик жаратылыш паркынын илимий кызматкерлери тарабынан жүргүзүлдү.

## ЛИТЕРАТУРА


1. Атлас Киргизской Республики природные условия и ресурсы : М.: ГУКК – Т.187.
2. Красилов В.А. Охрана природы: принципы, проблемы, приоритеты.. Ин-т охраны природы и заповедного дела. М .,1992.
3. Красная книга Киргизской ССР. Фрунзе: Кыргызстан. – 1985.
4. Природа и человек – Фрунзе:. Кыргызстан. –1982.